| | |
|---|---|
| **БЕКИТИЛДИ**<br>Кыргыз Республикасынын Тоо кен-металлургиялык кесиптик бирлигинин БК төрагасы<br>___________ Э. Таджибаев<br>«___»_______________2022-ж. | «_________________» ЖЧК кызматкерлеринин кесиптик бирлик уюмунун уюштуруу жыйынында<br>**КАБЫЛ АЛЫНГАН**<br>«____» ____________ 202__-ж. |

«__________________» ЖЧК кызматкерлеринин
кесиптик бирлик уюму жөнүндө
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. «________________» ЖЧК кызматкерлеринин кесиптик бирлик уюму (мындан ары – кесиптик бирлик уюму) – «________________» ЖЧК кызматкерлерин социалдык, эмгек, экономикалык жана кесиптик укуктары менен кызыкчылыктарын коргоону ишке ашыруу максатында бириктирген өз алдынча, коомдук, партиялык эмес кесиптик бирлик уюму.

Кесиптик бирлик уюму КР Тоо кен-металлургиялык Кесиптик бирлигине мүчө уюм болуп эсептелет, анын Уставын тааныйт жана жетекчиликке алат.

1.2. Кесиптик бирлик уюму өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, КР Тоо кен-металлургиялык Кесиптик бирлигинин Уставына жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт.

1.3. Кесиптик бирлик уюму өз ишмердүүлүгүндө жалдоочудан, мамлекеттик органдардан, саясий партиялардан жана башка коомдук уюмдардан көз карандысыз, аларга отчеттуу эмес жана алардын көзөмөлү астында болбойт, алар менен мамилелерди тең укуктуу кызматташтыктын жана социалдык өнөктөштүк принциптеринин негизинде түзөт.

1.4. Кесиптик бирлик уюмунун дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад областы, Чаткал району, Каныш-Кыя айылы.

## II. Кесиптик бирлик уюмунун максаты жана милдеттери

2.1. Кесиптик бирлик уюмунун маанилүү максаттары жана милдеттери болуп кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрүнүн укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле алардын эмгек жана жашоо шарттарын төмөнкүлөрдүн жардамы аркылуу жакшыртуу эсептелет:

- иш берүүчү менен жамааттык келишимди, башка макулдашууларды иштеп чыгуу жана түзүү, алардын аткарылышына көзөмөлдү ишке ашыруу;

- эмгек акы төлөө системаларын, материалдык дем берип кызыктыруу формаларын, тарифтик ставкалардын (айлык эмгек акы өлчөмү) өлчөмдөрүн, ошондой эле уюмдагы эмгек ченемдерин аныктоого катышуу;

- уюмдун ишмердүүлүгүнүн перспективасын талдоонун негизинде жумушсуздуктан коргоо, иш менен алектенүү, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо программасын түзүүгө катышуу, жумушсуздарды ишке орноштуруу, кайра окутуу жана материалдык камсыздоого көмөктөшүүгө багытталган мамлекеттик түзүмдөр менен кызматташуу;

- иш берүүчүнүн эмгек жөнүндө мыйзамдарды, эмгекти коргоо боюнча жоболор жана макулдашууларды сактоосун такай көзөмөлгө алуу, эмгекчилердин эмгек шарттарын, саламаттыгын жана турмуш-тиричилигин жакшыртуу боюнча иштерди алып баруу, ушул максаттарга арналган каражаттардын пайдаланылышын көзөмөлдөө;

- эмгек талаш-тартыштарын чечүүгө катышуу;

- кызматкерлердин кызыкчылыктарын мамлекеттик бийлик, башкаруу органдарында жана сот органдарында көрсөтүү;

- аялдардын, жаштардын жана ардагерлердин кесиптик, экономикалык жана социалдык өзгөчө кызыкчылыктарына өкүлчүлүк кылуу;

- эмгекчилердин саламаттыгын жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүү;

- маданий-массалык, спорттук иш-чараларды өткөрүү, кызматкерлердин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн эс алуусун уюштуруу;

- кызматкерлерди кесиптик бирликке тартуу;

- уюмдун бардык кызматкерлерине жамааттык укуктары менен кызыкчылыктарын коргоодо жардам көрсөтүү;

- кесиптик бирлик комитетинин каржылык ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү.

## III. Кесиптик бирлик уюмуна мүчөлүк. Кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери.

3.1. Кесиптик бирликке тоо кен-металлургиялык өнөр жайдын жана башка тармактардын ар кандай менчик формасындагы ишканаларында, мекемелеринде жана уюмдарында иштеген, ушул Жобону тааныган жана ушул Уставда белгиленген өлчөмдө жана тартипте мүчөлүк акы такай төлөп турган ар бир кызматкер, ошондой эле студенттер жана окуу жайлардын окуучулары, пенсионерлер мүчө боло алышат.

3.2. Кесиптик бирликке мүчөлүк ыктыярдуу түрдө болот. Кесиптик бирликке мүчөлүккө кабыл алуу жекече тартипте өз арызы боюнча жүргүзүлөт. Кесиптик бирликке мүчөлүккө кабыл алуу тууралуу чечим тиешелүү кесиптик бирлик комитети же баштапкы уюм, же болбосо анын түзүмдүк бөлүмүнүн жыйыны тарабынан чыгарылат. Кесиптик бирликке

мүчө болуп комитет же кесиптик бирлик тобунун жыйыны чечим чыгарган күндөн тартып эсептелет.

3.3. Кесиптик бирликтин мүчөлөрү негизги иштеген же окуган жериндеги кесиптик бирлик уюмунун эсебинде турушат жана башка кесиптик бирлик уюмунда эсепте боло алышпайт.

3.4. Кесиптик бирликтин ар бир мүчөсүнө кесиптик бирлик мүчөсүнүн карточкасы ачылат жана кесиптик бирлик уюмдарынын нускамасына ылайык белгиленген үлгүдөгү кесиптик бирлик билети берилет.

3.5. Жумушка киргенде же түзүмдүк бир бөлүмдөн башкасына которулганда, кесиптик бирликтин мүчөсү бул тууралуу 7 күндөн кеч эмес мөөнөттө өндүрүштүн, цехтин ж. б. кесиптик бирлик комитетине же уюмдун кесиптик бирлик комитетине билдирүүгө, ал эми башка уюмга ишке өткөндө, өз учурунда эсептен чыгууга тийиш.

3.6. Кесиптик бирликке мүчө болуу укугун төмөнкүлөр сактап кала алышат:

- кесиптик бирлик уюму менен такай байланышта болгон иштебеген пенсионерлер;
- иштөөсүн аракеттеги мыйзамдарда белгиленген жеңилдиктерге ылайык убактылуу токтоткон аялдар;
- сезондук жумуштарды жыл сайын аткарган сезондук жумушчулар;
- штат кыскарганына, уюм жоюлганына байланыштуу иштен бошотулгандар – жумушсуздук боюнча жөлөкпул алган бүткүл мезгил аралыгында;
- аскердик кызматка чакырылганына байланыштуу иштен бошотулган кызматкерлер – аскердик кызматтын бүткүл мезгилинде;
- мамлекеттик шайлануучу кызматтарга шайланганына байланыштуу иштен бошотулган, кесиптик бирликке мүчөлүк акы төлөп турган кызматкерлер;

3.7. Кесиптик бирликке мүчөлүк төмөнкү учурларда токтотулат:

- башка ишканага жумушка өткөндө,
- кесиптик бирликтен өз каалоосу боюнча чыкканда,
- кесиптик бирликтин мүчөлүгүнөн чыгарылганда.

3.8. Кесиптик бирликтин мүчөсүнүн укуктары:

- Өзүнүн эмгек, экономикалык, социалдык укуктары менен кызыкчылыктарын коргоого укуктуу, бардык деңгээлдеги (цехком, комиссиялар, кесиптик бирлик комитети, ТМКБК БК) кесиптик бирлик органына кеңеш жана жардам сурап, ошондой эле суроолор, арыздар, сунуштар менен кайрылууга жана өз кайрылуусу боюнча жооп талап кылууга укуктуу.
- Кесиптик бирликтин жыйындарында, конференцияларында жана съезддерде, кесиптик бирлик комитетинин отурумдарында жана ММКда кесиптик бирликтин ишине тиешелүү бардык маселелерди эркин талкуулоого, кемчиликтерди сындоого, кесиптик бирлик органдарынын, ээлеген кызматына карабастан, алардын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн

жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүгө, чечимдерди иштеп чыгууга жана өз пикирин коргоого укуктуу.

- Жамааттык келишимде жана башка макулдашууларда каралган жеңилдиктерден пайдаланууга укуктуу.

- Юридикалык акысыз жардам алууга, кесиптик бирликтин маданий, ден соолукту чыңдоочу мекемелеринин жана спорттук курулуштарынын кызматтарынан пайдаланууга укуктуу.

- Кесиптик бирлик органдарына, кесиптик бирлик съезддерине, конференцияларына шайлоого жна шайланууга, кесиптик бирликтин бардык органдарына шайлануу үчүн өз талапкерлигин көрсөтүүгө укуктуу.

- Мамлекеттик, чарбалык жана сот органдарында кесиптик бирликтен эмгек мамилелеринин маселелери жана социалдык көйгөйлөр боюнча укуктук коргоого жана жардам алууга укугу бар.

- Кесиптик бирликтен чыгууга укуктуу, мында өз чечимин жазуу жүзүндө негиздеп берүүгө тийиш.

- Кесиптик бирлик уюму тарабынан жарыяланган иш таштоо болсо, материалдык колдоо алууга укугу бар.

- Кесиптик бирликтеги стажын эсепке алуу менен, кесиптик бирликтин мүлкүн акысыз же жеңилдетилген шарттарда белгиленген тартипте пайдаланууга, материалдык жардам алууга укуктуу.

- Кесиптик бирликтеги стажын эсепке алуу менен, кесиптик бирликтин каражаттарынан жеңилдетилген же үстөксүз заем (насыя) алууга, кесиптик бирликтердин катышуусу менен түзүлгөн акционердик коомдордун жана башка уюмдардын акцияларын жана баалуу кагаздарын артыкчылыктуу тартипте сатып алууга, кесиптик бирликтин банктарынын жана фонддорунун кызматтарынан пайдаланууга укуктуу.

- Кесиптик бирликтеги иши үчүн кодулоого кабылса, колдоого жана коргоого укуктуу.

- Кесиптик бирликтеги жигердүү иши үчүн моралдык жана материалдык сыйланууга укугу бар.

- Кесиптик бирлик органынын алдындагы өз ара жардамдашуу кассасына мүчө болууга укуктуу. Өз ара жардамдашуу кассасы жөнүндө Жобо кесиптик бирликтин тиешелүү органы тарабынан иштелип чыгат.

- Кесиптик бирликтеги стажын эсепке алуу менен, кесиптик бирлик уюмдарынын жана алардын органдарынын чечимдерине ылайык башка укуктардан жана жеңилдиктерден пайдаланууга укуктуу.

3.9. Кесиптик бирликтин мүчөсү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул Жобону жана ТМКБК Уставын аткарууга, кесиптик бирлик уюмунун ишмердүүлүгүнө катышууга, кесиптик бирлик органдарынын чечимдерин жүзөгө ашырууга көмөктөшүүгө, кесиптик бирликтин өзүнө жүктөлгөн милдеттенмелери менен тапшырмаларын аткарууга.

- Ушул Жободо жана ТМКБК Уставынде белгиленген тартипте мүчөлүк акыларды төлөөгө.

- Жамааттык келишимде же макулдашууда каралган милдеттенмелерди аткарууга.

- Интернационализмди көрсөтүүгө, улут аралык чыр-чатактарды тутантуу, шовинизм, улутчулдук, расизм көрүнүштөрүнө келишкис мамиле кылууга.

- Кесиптик бирликке зыян келтирүүчү иш-аракеттерге барбоого.

3.10. Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги

Кесиптик бирликтин мүчөсү тарабынан уставдык милдеттенмелердин аткарылбагандыгы, анын ичинде үч ай аралыгында кесиптик бирликке мүчөлүк акылардын олуттуу себептерсиз төлөнбөгөндүгү үчүн, кесиптик бирликтин жыйыны, кесиптик бирлик комитети же жогору турган кесиптик бирлик органы кесиптик бирликтен чыгарууга чейинки коомдук таасир этүү чараларын (талкуулоо, айыптоо, эскертүүгө алуу) колдонууга укугу бар.

Кесиптик бирликтин мүчөсүн шайлануучу кесиптик бирлик органынын отурумунда мүчөлүктөн чыгарганда, ал мүчөлүк эсепте турган кесиптик бирлик уюмуна бул тууралуу кабарланат.

Кесиптик бирликтен чыгаруу, жаза-чара колдонуу тууралуу чечим кесиптик бирликтин мүчөсүнүн катышуусунда кабыл алынат. Кесиптик бирликтин мүчөсү кесиптик бирлик жыйынына же кесиптик бирликтин шайлануучу органынын отурумуна катышуудан олуттуу себепсиз баш тарткан учурда, маселе анын катышуусуз чечилиши мүмкүн.

Колдонулган жаза-чара бир жыл аралыгында күчүндө болот жана аны колдонгон кесиптик бирлик органы тарабынан мөөнөтүнөн мурда алынып салынышы мүмкүн.

Кесиптик бирликтин мүчөсүнөн жаза-чараны мөөнөтүнөн мурда алып салуу тууралуу маселе берилген арыздын негизинде тиешелүү орган тарабынан кесиптик бирликтин мүчөсүнүн катышуусунда каралат. Жаза-чара бир жылдан кийин күчүн жоготот.

Кесиптик бирликтен чыгарылган адам бир жылдан кем эмес мөөнөттөн кийин кесиптик бирликке мүчөлүккө жалпы негизде кабыл алынышы мүмкүн.

Кесиптик бирликтен чыгарылган адам 2 айлык мөөнөттүн ичинде кесиптик бирликтин жогору турган органдарына бул чечим боюнча даттана алат. Арыз келип түшкөндөн кийин 1 айдан ашпаган мөөнөттүн ичинде кесиптик бирлик органдары тарабынан каралат.

Кесиптик бирликтен чыгып кеткен же чыгарылган адам кесиптик бирликтин мүлкүн пайдалануу укугунан ажырайт жана төлөгөн мүчөлүк акылары кайтарылып берилбейт.

## IV. Кесиптик бирлик уюмунун башкаруу органдары жана алардын ыйгарым укуктары

4.1. Кесиптик бирлик уюмунун башкаруу органдары болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- кесиптик бирлик жыйыны (конференция),
- кесиптик бирлик комитети,
- цехтик комитет, кесиптик бирликтин уюштуруучусу (профорганизатор),

- текшерүү комиссиясы.

4.2. Кесиптик бирлик уюмунун жогорку органы болуп жыйын (конференция) эсептелет, ал кесиптик бирлик органдарын түзүү маселелерин өз алдынча чечет, иштин багыттарын, кесиптик бирлик жыйындарын, кесиптик бирлик комитетинин отурумдарын өткөрүүнүн мезгилдүүлүгүн аныктайт, жогору турган кесиптик бирлик органы менен макулдашкан соң кесиптик бирлик бюджетинин сметасын бекитет.

Кесиптик бирликтин отчеттук-шайлоо жыйыны (конференциясы) ага кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрүнүн (кесиптик бирликтин мүчөлөрү болгон кызматкерлердин жыйын өткөн күнгө карата санынан) жарымынан көбү же шайланган делегаттардын 2/3синен кем эмеси катышканда, мыйзамдуу болуп эсептелет.

Мөөнөтүнөн мурда отчеттук-шайлоо жыйындары төмөнкүлөрдүн демилгеси боюнча чакырылат:

- кесиптик бирлик уюмунун эсебинде турган мүчөлөрдүн 1/3инен кем эмеси,
- шайлоо органынын өзү (кесиптик бирлик комитети),
- жогору турган кесиптик бирлик органынын – ТМКБК кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин БК.

Жыйындын (конференциянын) чечимине жыйынга катышкан кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн (же конференцияга катышкан делегаттардын) жарымынан көбү макул болуп добуш берсе, чечим кабыл алынды деп эсептелет.

4.3. Кесиптик бирлик жыйынында (конференциясында) беш жылга чейинки мөөнөткө кесиптик бирлик комитети, текшерүү комиссиясы шайланат.

Кесиптик бирлик комитетинин жана текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн саны так болууга тийиш.

4.4. Жыйын (конференция) же Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун кесиптик бирлик комитети өзүнүн биринчи отурумунда кесиптик бирлик комитетинин төрагасын шайлайт.

Кесиптик бирлик комитетинин төрагасы уставдык талаптарды системдүү түрдө бузса, кесиптик бирлик комитети Кесиптик бирликтин БКга кесиптик бирлик комитетинин төрагасын ээлеген кызматынан четтетүү тууралуу өтүнүч жолдой алат. Мындай учурда кесиптик бирлик комитети же жыйын (конференция) кесиптик бирлик комитетине жаңы төрага шайлайт.

4.5. Жыйындын (конференциянын) компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- кесиптик бирлик уюмунун кесиптик бирлик комитетин жана текшерүү комиссиясын шайлоону өткөрүү;
- кесиптик бирлик уюмунун жалпы түзүмүн аныктоо;
- жалдоочу менен жамааттык келишим түзүү жана анын аткарылышы тууралуу отчетту угуу;

- иш таштоолорду жана башка акцияларды өткөрүү тууралуу чечимдерди кабыл алуу;

- жогору турган кесиптик бирлик органдарынын ишине катышуу;

- кесиптик бирлик комитетинин эмгекчилердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо боюнча иштери тууралуу отчетун угуу;

- бошотулган кесиптик бирлик кызматкерлеринин штатын жана алардын иштөө шарттарын аныктоо;

- жогору турган кесиптик бирлик уюму менен макулдашкан соң кесиптик бирлик бюджетин (сметаны) бекитүү. Кесиптик бирлик комитетинин жана текшерүү комиссиясынын бюджетти аткаруунун жүрүшү тууралуу отчетторун угуу;

- фонддорду түзүү, алардын ишмердүүлүгү тууралуу отчетторду угуу;

- жогору турган кесиптик бирлик уюмдарынын съезддерине жана конференцияларына делегаттарды көрсөтүү жана шайлоо;

- кесиптик бирлик уюму тууралуу Жобону, кесиптик бирлик уюмунун негиз болуучу башка документтерин кабыл алуу;

- кесиптик бирлик уюмунун ишмердүүлүгүнө тиешелүү башка маселелерди чечүү.

4.6. Кесиптик бирлик комитетинин отуруму бекитилген иш планга ылайык жана зарылдыгына жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес чакырылат.

Отурумга кесиптик бирлик комитетинин мүчөлөрүнүн ½инен кем эмеси катышса, отурум мыйзамдуу болуп, ал эми отурумга катышкан кесиптик бирлик комитетинин жарымынан көбү макул болуп добуш берсе, чечим кабыл алынды деп эсептелет.

4.7. Кесиптик бирлик комитети:

- Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун түзүмүн, бошотулган кесиптик бирлик кызматкерлеринин штатын түзөт.

- ТМКБК БК менен макулдашып кызматкерлердин эмгек акыларын, кесиптик бирлик комитетинин өндүрүштүк иштен бошотулбаган төрагасына жана казыначыга кошумча акылардын өлчөмүн аныктайт.

- Кесиптик бирлик жыйындарынын (конференцияларынын) ортосунда кесиптик бирлик уюмунун ишмердүүлүгүнүн багыттарын, жогору турган кесиптик бирлик органынын (ТМКБК БК) чечимдерин жана мыйзам тарабынан берилген укуктарды эсепке алуу менен иштерди алып барат, кесиптик бирликтин мүчөлөрүнө ТМКБК Уставы жана ушул Жобо менен берилген укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзөт, ылдый турган кесиптик бирлик түзүмдөрүнө өзүнүн айрым ыйгарым укуктары менен функцияларын бере алат.

- Иш берүүчүдөн өзүнүн ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон маалыматтарды алат, анын экономикалык жана социалдык-эмгек маселелер боюнча отчетторун жамааттык келишимдин (макулдашуунун) шарттарына ылайык угат.

- Иш берүүчү кабыл алган чечимдерди талдайт жана алардын арасынан эмгек шарттарын начарлаткандарын же адамдардын саламаттыгы менен

өмүрүнө коркунуч туудургандарын, ошондой эле эмгек ченемдерине каршы келгендерин жокко чыгарууну талап кылат.

- Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо максатында алардын сунуштарын эсепке алат жана жалпылаштырат.

- Башка кесиптик бирлик жана коомдук уюмдр менен өз ара мамилелерде, иш берүүчү жана бийликтин жергиликтүү органдары менен сүйлөшүүлөрдө кесиптик бирлик уюмунун өкүлү болот.

- Кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо максатында кесиптик бирликтин жогору турган органдары, жалпы республикалык кесиптик бирлик бирикмелери тарабынан уюштурулган каршылык акцияларын колдойт, жыйындарды, митингдерди, иш таштоого чейинки жамааттык иш-аракеттерди өткөрөт. Кесиптик бирликтин жогору турган органдарын аймактык же республикалык деңгээлде чечиле турган маселелер тууралуу кабардар кылат.

- Кесиптик бирликке даярдоо семинарлары менен курстарын уюштурат жана өткөрөт, кесиптик бирлик кадрларынын резервин түзөт.

- Маалыматтык-үгүт иш-чараларын уюштурат.

- Жыйындардын (конференциялардын), жогору турган кесиптик бирлик органдарынын чечимдеринин атарылышын уюштурат, алардын аткарылышы тууралуу маалыматтарды берет.

- Кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрүнүн эсебин алат.

- Кесиптик бирликке мүчөлүк акыларды, фонддорго каражаттарды чогултууну уюштурат, кесиптик бирлик бюджетине түшүүлөрдү жана каражаттардын чыгымдалышын пландайт, материалдык жана финансы каражаттарынын максаттуу жана үнөмдүү пайдаланылышын камсыз кылат, ылдыйдан жогору карай финансылык ишмердүүлүктүн жыйынтыктары тууралуу системдүү түрдө отчет берип турат жана ылдыйдан жогору карай кесиптик бирлик каражаттарынын чыгымдалышы тууралуу маалыматтарды берип турат.

- Кесиптик бирликтин жогору турган органына статистикалык жана финансылык отчеттуулукту белгиленген мөөнөттөрдө берип турат, ошондой эле Кесиптик бирлик уюмунун борбордук комитетинин чечимдерине ылайык, башка документтерди жана маалыматтарды берет.

- Жыл сайын кесиптик бирликтин бюджетинин сметасын түзөт, аны бекитүү үчүн ТМКБК БКга жөнөтөт жна аткарылышы тууралуу отчет берет.

- Кесиптик бирликке мүчөлүк акылардын бир бөлүгүн кесиптик бирликтин жогору турган органдарынын ишмердүүлүгү үчүн белгиленген тартипте жана өлчөмдө чегерип турат.

- Коммерциялык (ишкердик, өндүрүштүк) ишмердик менен уставдык максаттарга ылайык алектенет.

Кесиптик бирлик комитети кесиптик бирликтин жыйынына (конференциясына) жана кесиптик бирликтин жогору турган органына – Кесиптик бирликтин БКга отчеттуу болот.

4.8. Кесиптик бирлик комитетинин төрагасы, кесиптик бирликтин уюштуруучусу (профорганизатор):

- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун атынан иш-аракеттерди ишеним катсыз эле жүзөгө ашырат, анын кызыкчылыктарына жана кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарына иш берүүчүнүн, ишкананын кызмат адамдарынын алдында, ошондой эле кесиптик бирлик уюмунун ишмердүүлүгү менен байланышкан маселелерде бардык органдардын жана уюмдардын, анын ичинде сот органдарынын алдында өкүл болот;

- кесиптик бирлик комитетинин ишин, жыйындарды (конференцияларды) даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат, жыйындын (конференциянын) чечимдеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт;

- металлургиялык комплекстин кесиптик бирлик уюмдарынын ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана кызматташуунун чыңдалышына көмөктөшөт, кесиптик бирлик уюмдарынын чечимдеринин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликке ээ болот;

- кесиптик бирлик комитетинин чечимдерин жетекчиликке алуу менен, уюмдун мүлкүн жана каражаттарын пайдаланат, банк мекемелеринде эсептик жана башка эсептерди ачат.

- мүчөлүк акылардын чогултулушунун толуктугуна жекече жоопкер болот жана алардын милдеттүү чегерилиш жана бөлүштүрүлүш тартибин сактайт;

- жогору турган шайлануучу органдардын жана жетекчилердин тапшырмалары менен чечимдерин так жана убагында аткарат;

- мыйзамдар, жыйындардын чечимдери, кесиптик бирлик комитети, жамааттык келишимдер жана макулдашуулар менен берилген укуктардын чегинде башка иш-аракеттерди аткарат.

Ишкананын менчик формасы, түзүмдүк башкаруу, багыты өзгөргөн учурда кесиптик бирлик уюму кесиптик бирлик уюмунун юридикалык документтерин кайра тариздөө менен, өз ишмердүүлүгүн кесиптик бирликтин Уставына ылайык уланта берет.

4.9. Кесиптик бирлик комитетинин төрагасы жана анын орун басары өз ишмердүүлүгү боюнча кесиптик бирлик жыйынына (конференцияга) жана жогору турган кесиптик бирлик органына – ТМКБК БКга отчеттуу болот.

4.10. Зарыл болгон учурларда кесиптик бирлик комитети өзүнүн ыйгарым укуктарын кесиптик бирликтин цехтик комитетине бере алат.

## V. Кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясы

5.1. Текшерүү комиссиясы – жыйында (конференцияда) кесиптик бирлик комитети сыяктуу эле мөөнөткө шайлануучу өз алдынча кесиптик бирлик органы.

Текшерүү комиссиясы өз ыйгарым укуктарын ТМКБК Уставына, ТМКБКнын, баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын көзөмөлдөө-текшерүү комиссияларынын Жобосуна жана КР мыйзам актыларына ылайык ишке ашырат.

5.2. Комиссиялар өз ишмердүүлүгүндө өз алдынча болушат жана тиешелүү түрдө съездге, конференцияга, жыйынга отчеттуу болушат.

Комиссиялардын сандык курамы аларды шайлаган органдар тарабынан аныкталат.

Текшерүү комиссияларынын мүчөлөрү кесиптик бирлик түзүмдөрүнүн иш таштоо фондулары (тилектештик фондулары) тууралуу маалыматтардын купуялуулугуна жоопкер болушат.

5.3. Текшерүү комиссиясы:

- ТМКБК Уставынын жана ушул Жобонун, кесиптик бирликте колдонулган нускмалар менен жоболордун сакталышын көзөмөлдөйт;

- финасылык ишмердүүлүктү жана иш кагаздарын жүргүзүүнү текшерет, кесиптик бирликке мүчөлүк акылардын өз убагында жана толук түшүүсүн, шайлануучу кесиптик бирлик органдарынын чарбалык ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алат;

- өз дарегине кесиптик бирликтин мүчөлөрүнөн келип түшкөн каттарды, арыздарды жана даттанууларды, баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын сунуштарын карап чыгат жана алар боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл алат;

- баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын кесиптик бирлик комитеттеринин финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүн жыл жыйынтыктары боюнча текшерүү милдеттүү болуп саналат;

- комиссиялар кесиптик бирликтин мүчөлөрүн жана тиешелүү шайлануучу органдарды текшерүүлөрдүн жыйынтыктары тууралуу кабардар кылат, Уставды жана финансы тартибин бузууга айыптуу адамдарды жазага тартуу тууралуу маселени коюуга акылуу;

- комиссия өз ишинин планын бекитет.

5.4. Текшерүү комиссияларынын актылары бир айлык мөөнөттүн ичинде кесиптик бирликтин тиешелүү шайлануучу органдары тарабынан милдеттүү түрдө каралып чыгууга жана чаралар көрүлүүгө тийиш.

5.5. Текшерүү комиссиясынын ишин каржылоо ТМКБКнын тиешелүү шайлануучу органдарынын кесиптик бирлик бюджетинин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

## VI. Кесиптик бирлик уюмунун каражаттары жана мүлкү

6.1. Кесиптик бирлик уюму өзүнө тиешелүү каражаттарды жана мүлктү кесиптик бирлик комитети аркылуу башкарат. Аларга ээ болуу, пайдалануу жана башкаруу тартиби кесиптик бирлик уюмунун жалпы жыйынында аныкталат.

6.2. Кесиптик бирликтин менчигинде жер тилкелери, имараттар, курулуштар, санаториялык-курорттук, туристтик жана башка ден соолукту чыңдоо мекемелери, баалуу кагаздар, акча каражаттары жана анын уставдык ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка мүлк болушу мүмкүн.

6.3. Кесиптик бирликтин каражаттарын жана мүлкүн түзүүнүн булактары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ар айлык мүчөлүк акылар;

- маданий-агартуучулук, спорттук иш-чаралардан түшкөн каражаттар;
- коммерциялык жана башка ишмердүүлүктөн түшкөн каражаттар;
- ишканалардын жана жеке жактардын ыктыярдуу чегерүүлөрү;
- мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка түшүүлөр.

6.4. Кесиптик бирликтин каражаттары кесиптик бирлик бюджетинин сметасынын негизинде уставдык функцияларды ишке ашырууга, уюштуруучулук, үгүт, илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө, маалыматтык-басма ишмердүүлүгүнө, аппартты кармоого жана анын чарбалык тейлөөгө, кесиптик бирлик активине кошумча акы төлөөгө, материалдык жардам төлөөгө, эл аралык ишмердүүлүккө, кесиптик бирликтин башка муктажыктарына жумшалат.

6.5. Сметалар баштапкы кесиптик бирлик уюмунун сунушу боюнча Кесиптик бирликтер БКнын Төрагасы тарабынан бекитилет.

6.6. Кесиптик бирликке айлык мүчөлүк акылар айлык эмгек акынын 1 % өлчөмүндө белгиленет.

## VII. Корутунду жоболор

7.1. Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктооллр кесиптик бирлик уюмунун жыйынында (конференциясында) кабыл алынып, ТМКБК Борбордук Комитети бекиткенден кийин күчүнө кирет.

7.2. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган укуктук мамилелер ТМКБК Уставы менен регламенттелет.